

# Зылканова Жылдызай Нишановнанын иш тажрыйбасынан

**Зылканова Жылдызай Нишановна жөнүндө маалымат.**

**Педагогикалык кредосу:**

"Жаштарга ишенимдүү кесип – бул тарых мугалими, анткени, келечекте андан дагы көп нерсени үйрөтүүгө болот".

**Педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы.**

**Максаты (мамлекеттик стандарт боюнча)**

1. **Тарбиялык**: окуучуларды мекенчил болууга, кыргыз элинин тарыхын жана элибиздин каада-салттарын сыйлоого тарбиялоо;
2. **Өздөштүрүү**: алдыңкы методдорду колдонуп, тарыхтагы негизги окуяларды бири-бири менен байланыштырып окутуп-үйрөтүү;

3. **Ээ болуу**: өзүн-өзү өнүктүрүү, уюштуруу жана жаңы ыкмаларды колдоно алуу жөндөмүнө;

4. **Калыптануу**: кыргыз элинин тарыхы, каада-салттары жана баалуулуктары аркылуу окуучуларда Ата Мекенди сүйүү, коргоо сезимдерин калыптандыруу;

5. **Колдонуу:** тарых, Адам коом предметин окутуп-үйрөтүүдө окуучуларды толеранттуулук менен этникалык маданияттар аралык байланыш түзүүгө багытто.

**1. Эмгек ишмердүүлүгү:**

2003 – жылдан бери Баткен облусуна караштуу Лейлек районунун Ай – Көл айылындагы Наркозу Батыров атындагы орто мектебинде тарых, Адам жана коом мугалими болуп иштеп келе жатат;

2005-жылдан бери мектептеги гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси болуп иштеп жатат;

2006-жылдан баштап “Жаш тарыхчылар” клубун жана мектеп парламентин түзүп, окуучулар менен тыгыз иштеп келет;

2008-ж. мектепте тарыхый-этнографиялык музейди түзгөн;

2009-ж. мектепте жогорку класстын окуучуларынын таланттууларынан “Билерман ордо” илимий тобун түзгөн;

2015-ж. бери Лейлек райондук тарых, Адам жана коом предмети боюнча мугалимдердин методикалык бирикмесинин жетекчиси;

2019-ж. “Айылыбыздын тарыхы” проектисине катышып “Мыкты тарыхчы ” квалификациясынын сертификатынын ээси;

2020-жылы райондук мугалимдерге “Жаңы муундагы Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты” аттуу семинар өткөн;

2021-жылы ”Баалоонун түрлөрү” жана “Интерактивдүү методдор аны сабакта колдонуу ” деген темаларда семинарлар өткөн;

2021-ж. Кыргыз билим берүү академиясы жана Жаштарды өнүктүрүү институту тарабынан өткөрүлгөн “Адам жана коом предмети боюнча предметтик стандартты жаңылоо” аттуу педагогдордун илимий-практикалык конференциясынын катышуучусу.

Мектептин, айыл өкмөттүн, райондун, облустун грамоталарынын ээси. Райондук семинарлардын уюштуруучусу жана республикалык иш-чараларга активдүү катышып, бир катар сертификаттардын ээси. Жаш тарыхчылары менен ар түрдүү сынактарга активдүү катышып көптөгөн ийгиликтерге жетишен. Эжейдин окуучулары Олимпиадалык сыноолордо биринчиликти алып, өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөтүп мектептин намысын коргоп

келүүдө. Окуткан окуучулары ЖРТдан жогорку баллдарга ээ болуп, бүгүнкү күндө ар түрдүү кесиптин ээлери болуп саналат.

Пандемия мезгилинде 5-11-класстарга тарых, Адам жана коом предметтери бонча онлайн сабактарды мыкты деңгээлде өтүп, мектепте жылдын “Мыкты санарип мугалими” наамын алган.

Адам жана коом предмети боюнча 9-10-11-класстар үчүн онлайн-китептин соавтору (Козубаева Б. У, Карачева Ө. С. менен биргеликте).